*УДК:37.091.3:821.512.154*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.17*

***Умарова Рахилла.,***
*ф.и.к.,доц.м.а.БМУ*
***Курманбекова Э.*** *К.Карасаев атындагы БМУ*

# А.ТОКОМБАЕВДИН “КАНДУУ ЖЫЛДАР ”РОМАНЫН ОРТО МЕКТЕПТЕ ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ УСУЛДАРЫ

# ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ РОМАНА «КРОВАВЫЕ ГОДЫ» А.ТОКОМБАЕВА В СРЕДНЕЙ ШКОЛЕ

# INTERACTIVE APPROACHES OF TEACHING OF THE NOVEL “BLOODY YEARS” BY A.TOKOMBAEV IN THE SECONDARY SCHOOL

***Аннотация:*** *Бул илимий макала орто мектептерде тарыхий чыгармаларды окутуунун жаңыча усулдарына арналган. А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар” романынын негизинде 10-класстар үчүн күндөлүк сабактын планы түзүлүп, кыргыз тарыхына байланыштуу тарихий чыгарманы окутууда эске алынуучу негизги жагдайлар көрсөтүлгөн. Анткени чыгарма көлөмдүү жана ыр түрүндө болгондуктан анын сюжетин өздөштүрүү жана ага байланышкан окуяларды эстеп калуу окуучулар үчүн татаалдыкты пайда кылат. Мындай маселелерди болтурбоо үчүн мугалимдин чеберчилиги, темага кызыктыра алуусу талап кылынат. Ошондуктан айрыкча жаш мугалимдерге романга киришүү сабагына билгичтик менен киришүү, проблемалуу кырдаалдарды туура түзүүдө, тарыхий чыгарманы окутууда жаңы теманы түшүндүрүүнүн этаптуу, ирети менен уюштуруу жолдору көрсөтүлгөн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Роман, усул, тарыхий чыгарма, жанр, речь, проза, метод, проблема, көркөм, эпизод, трагедия, сүрөткер, укук, жоопкерчилик, көтөрүлүш, тарбия, сюжет.*

***Аннотация:*** *Данная статья посвящена новой методике обучения исторических произведений в средних школах. Был составлен ежедневный план урока для 10 классов на основе романа А.Токомбаева «Кровавые годы» и показаны основные обстоятельства, которые необходимо учесть в изучении исторического произведения, связанного с кыргызской историей. Потому что произведение является объемным и изложено стихами, что создает определенные сложности в освоении его сюжета и запоминания связанных с ним событий. Для предотвращения таких явлений, требуется мастерство учителя , умение заинтересовать темой. Поэтому указаны пути умелого введения в роман, правильного создания проблемных обстоятельств на уроке, этапность, последовательная организация преподнесения новой темы в обучении исторического произведения особенно для молодых учителей.*

***Ключевые слова****: Роман, метод, историческое произведение, жанр, речь, проза, метод, проблема, художественный эпизод, трагедия, художник, право, ответственность, восстание, воспитание, сюжет и т.д.*

***Summary:*** *This article is devoted to a new method of education of a historic piece of work in secondary schools. There was compiled a daily lesson plan for $10^{th}$ grades on the basis of the novel “Bloody years” by A. Tokombaev and there were shown the main circumstances which should be taken into account in the process of study of a historic piece of work connected to Kyrgyz history. Because the art work is extensive and written in*

*form of poem, this causes definite complications in learning of its plot and remembering of events connected with it. It is required teacher's skills and ability to attract interest to the main idea in order to prevent such events. That is why there were specified ways of skillful introduction to the novel, correct creation of problematic circumstances at the lesson, stages, consequent arrangement of presentation of a new theme in the process of learning of a historic piece of art especially for young teachers.*

***Keywords**: Novel, method, historic piece of work, genre, speech, prose, method, problem, artistic episode, tragedy, artist, right, responsibility, rebellion, education, plot etc.*

«Кандуу жылдар» романы А.Токомбаевдин белгилүү жана анын чыгармачылыгына ийгиликтер менен кошо көп түйшүктөрдү жаратып, көп изденүүнү талап кылган чыгармаларынын бири. Анткени чыгармада кыргыз элинин 1916-жылдын падышалык Россиянын жана жергиликтүү бийлөөчү таптын эзүүсүнө каршы чыккан улуттук-боштондук көтөрүлүшүн так, таамай өтө элестүү чагылдырылган. Башкача айтканда, роман жанрдык жактан тарыхый чыгарма. Чыгармада көтөрүлүштүн жүрүшүн, чыгуу себептерин, элдин оор социалдык абалын, андан негизги кыймылдаткыч күчтөрдү көрсөткөн, ыр менен жазылган кыргыз жазма адабиятындагы алгачкы роман. Ошондуктан орто мектептерде өзгөчө тарыхый чыгармаларды окутууда мугалимден да көп изденүүнү, чыгармачылыкты талап кылат. «Кандуу жылдар» романына орто мектептерде чыгармага киришүүдө окуучунун көңүлүн ага кандайча буруу керек. Эмнеден баштоо керек?- деген маселе турат. Бул учурда романдын жазылган учуру, ошол мезгилдеги кыргыз жазма адабиятынын өнүгүү абалы, А.Токомбаевдин чыгармачылык изденүүлөрү, романды жазууга көркөм таланттын отуз жылдай убактысын арнагандыгы тууралуу маалымат берилет. Анын биринчи бөлүгү 1935-жылы, андан кийин 1940-жылы, экинчи бөлүгү 1947-жылы басылып чыккан. Романды түрдүү себептерден улам кайрадан иликтөө, толуктоо, тактоо менен кайрадан жазылып 1962-жылы жаңы вариантын бастырып чыгарып, 1967-жылы А.Токомбаев Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон. Эң негизгиси 1935-жылы жарыкка чыкканда элдин сүйүктүү чыгармасына айланып, А.Токомбаевдин даңкын көтөрүп, «Кыргыз элинин акыны» деген наам алып кубанычы койнуна батпай, эмгегинин үзүрүн көрүп баштаган учурда, ушул романы үчүн камалып, «улутчул» деп айыпталат. Мугалим бул тууралуу өтө маселеге басым коюу менен, келгиле балдар, буга эмне себеп болду экен. Акынга атак менен кошо оор кайгынын катар келишинин себеби эмнеде? Чындык кайсы тарапта болду экен? Анын чыгармасында тарыхый чындык кандай жазылган эле, - деген суроо коюу керек. Эмне үчүн роман төрт жолу басылып, төрт жолу сатыктан алынган. Бул кимдин кемчилиги? Анда биз бүгүн окуп жаткандыгыбыздын мааниси эмнеде? Мунусуна караганда чындык менен акыйкаттык А.Токомбаев тарапта болуп жүрбөсүн деген олуттуу суроо коюп, окуучулардын сезимин дүрт этип тутандырган, бирде таңдандырган суроолорду кыска жана так коюу менен чыгармага киришүүгө болот. Эгер мугалим адаттындай эле романдын жазылышы, ийгиликтери, тоскоолдуктары тууралуу бир четинен айтып түшүндүрүп олтурса, анда сабак тажатма мүнөзгө ээ болот. Ошон үчүн жогорудагыдай олуттуу аянычтуу учурлар байланышкан конкреттүү суроолор менен баштаган. Мугалим чыгармага ушундай жол менен жетелеп, киргендиги абзел. Ошону менен биргеликте интерактивдүү окутуу методун пайдалануу аркылуу жаштарды, жаш муундарды жарандык жоопкерчиликке жана сабырдуулукка тарбиялоо, өткөнкү тарых менен азыркы учурдун проблемаларын туура аңдап түшүнүүгө үйрөтүү болуп саналат. Төмөндө чыгарманы окутууга арналган күндөлүк сабактын планын сунуштайбыз.

**X класста А.Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романына киришүү сабагы**

**Сабактын билим берүүчүлүк максаты**:Тарыхий чыгарманын жанрдык табияты,алардын кыргыз тарыхынын орчундуу учурлары менен элдин жашоотурмушун чагылдыруудагы ордун ачып берет,

-көтөрүлүштүн чыгуу себеби жана анын башталышын акындын сүрөттөө чеберчилиги тууралуу окуучулар маалымат алат, окуучулар романда козголгон проблемаларды чечмелешет, талдап түшүнүшөт.

**Тарбия берүүчүлүк максаты**: Ата Мекенди, эл жерди, тынчтыкты сүйүүгө чакырат. Башка улуттар менен өз ара ынтымакта жашоону үйрөтөт. Көз карандысыз жашоонун, адам эркиндигигинин, тең укуктуулгунун артыкчылыктарын жүрөк сезими менен терең аңдап түшүнүшөт.

**Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Сүйлөө речи, сөз байлыгы артат. Турмуштук көз карашы калыптанат. Ой жүгүртүүсү өнүгөт.

**Сабактар аралык байланыш:** Тарых, укук, кыргыз тили, сүрөт сабактары менен байланышат.

**Колдонулган ыкма:** «акыл чабуулу», изилдөөчүлүк, өз көз карашын жаратуу, тыным менен көркөм окуу, топ менен иштөө.

**Каражаттары:** түстүүфилипчаттар, маркерлер, А-4 форматындагы барактар, окуу китеби, CD диск, проектор, компьютер.

**Иштин кадамдары:**

**Үй тапшырмасын суроо**

1.А.Токомбаевдин кыргыз адабиятындагы орду кандай?

2.Кайсы темадагы прозаларды жазган?

3.Философиялык жана сүйүү маанисиндеги ырларынан айтып көркөм айтып, маанисин чечмелеп бергиле?

4. Токомбаевдин жекече тагдыры жана анын татаалдыктары тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер?

**Жаңы теманы түшүндүрүү**

**1-кадам**. Окуучулардын көнүлүн сабакка топтоо учун кызыктуу суроолорду берип, проблемалык кырдаал түзүү зарыл .

**А.Токомбаевдин "Кандуу жылдар"** романы 1916-жылдагы улуттук–боштондук кыймылына арналган. Ушул көтөрүлүшкө байланыштуу кыргыз тарыхы тууралуу маалымат же кандайдыр бир чыгармаларды билесиңерби?

Роман 1935-жылы жазылып, сүрөткерге атак да алып келип, "улутчул" катары айыпталып, 4 жолу басылып, 4 жолу сатыктан алынган. А.Токомбаевге ушул романынын зор кубаныч атак-даңк менен оор кайгынын катар алып келишинин себеби эмнеде болду экен? - деген карама-каршылыктуу сезимди пайда кылган проблемалуу суроолор окуучуларга мугалим тарабынан берилет.

**2.кадам -** А.Токомбаев да көтөрүлүштө үй-бүлөсү менен Кытайга качып барып беш бир тууганынан ажыраган. Үркүндүн, жокчулуктун, ачкачылыктын, бөлөк жердеги мусапырчылыктын азабын тарткан. Жакындарын жоготуп алардын сөөгүн бөтөн жерде калтырып келишти. Көпчүлүк болуп кеткен бир туугандары кайтпай калды. Айтууга оңой , жүрөк менен терең ойлонуп элестетүүнүн өзү кандай кыйын.

**3-кадам**. Силер турмушта адам эмес жандуунун канаттуу же кумурсканын уясы бузулганда, алардын кандай гана шаштысы, тынчы кетип, жан далбастаганын, канаттуунун балапанын суук көздөрдөн сактайм деп коркуп, эки жагынан аңдып келе жаткан душмандарынан корголоп чый-пыйы кеткен учурун көрүп эле жүрөсүңөр. Ал эми адамдарчы... Аттиңай... Муну биз 1916-жылдагы үркүн окуясы аркылуу көрө алабыз. Адам адамга кол салганда, алардан жырткыч, коркунучтуу нерсе жоктой сезилет эмеспи.

Бул учурда берилген суроого окуучулардын билген маалыматын бир эки сүйлөм менен болсо да айткан жоопторун угабыз. Окуучулар тарыхий чыгармалар аркылуу аркылуу болсо да, уккан-билгендерин айтып беришет. Бул учурда окуучу жаңылып калам деп эч убакта чочулабашы керек. Эркин сүйлөп, эркин өз оюн айтууга көнүктүрүү - мугалимдин милдети. Мугалим бул учурда окуучунун оюн берилүү менен угуп туурасын кубаттап, жаңылган жерин сылыктык менен тууралап турушу талап кылынат.

**4-кадам** Романдын өтө таасирдүү элестүү саптарынан эпизоддорунан көркөм окуп берип, бул учурга байланышкан тасмалардан үзүндү көрсөтүлөт:

Романдагы трагедиялуу окуя –1916-жылдагы кыргыз элинин боштондук үчүн күрөшү эле. Бул күрөштө кыргыз элинин орус- казак жазалоочуларынан кыргын табышы, күч-кубаттан ажыраган кары-картаңдар, оорулуу адамдар үчүн өтө кыйын абал түзүлгөндүгү айтпаса деле маалым эмеспи. Ак-караны тааный элек жаш балдар үчүн да түшүнүксүз абал жаралып , бир жагынан аларды коркунуч менен ачкачылыктан азабы курчап, суукта үшүп, музда тоңуп канча кыргыз баласы кор болгон. Сүрөткер чыгармада жакынына гана эмес, өз баласына жардамын бере албай зарлаган энелердин көз жашына күбө болгон. Акын да беш бир тууганынан ажыраган. Кытайга качып баратып коркунучтуу тайгак ашууда жаш балдардын кээ бириси мөңгүнүн жаракасына кулап кетип жан беришсе, кээ бир жаш наристелер энесинин эмчегин тиштеген бойдон көз жумгандыгы тарыхий чыгармаларда да аянычтуу баяндалат . Өлгөндөрдүн сөөгүн көмүүгө дарманы жетпей армандуу көз жаш менен жолго таштап кетүүгө, качууга мажбур болгон көрүнүштөр көркөм талантка катуу таасир эткен. Жазбай коюууга тынчтык бербеген мындай сезимдер А.Токомбаевдин жан дүйнөсүндө бала кезинен бери жашап тарыхий чыгарма катары ушинтип жарык көргөн. Орустун карателдик отряды кыргыздарды кырган учуру мындай баяндалат:

Бир кезде жаркылдаган кылыч жайнап,
Көп элди кырып кирди малдай айдап,
Куралсыз көч үстүндө толгон карып
Канткенде чын ажалга кылсын кайрат,
Кылычтар эсеби жок канга батты
Дарбыздай эчен баштар кулап жатты
Чыңырып тигил жакка качкан менен
Кандардан майда-майда булак акты...деп

көркөм окуу мугалим менен чыгарманын көркөм дүйнөсүнө окуучуну жетелеп алып кирет

**5-кадам .К**өтөрүлүштүн чыгуу себептери. Жергиликтүү байлардын жана падышачылыктын кысымы, элдин жакырданышы, жер–жерлерде элдик толкундоолорго даярдыктын жүрүшү тарыхий булактардан алынган маалыматтар менен бекемделет. "Тартыш" деген бөлүмдө элдин эки анжы ойдо калышы, кай бириси Төлөк бийдын айтканына алданып, кээ бириси Алымкулду тегеректеп баштары маң болгон элдин дароо эле акыйкат ким тарапта экенин аңдоо кыйынга тургандыгы кеңири баяндалат.

Андан соң көтөрүлүштүн башында болгон Алымкул, Жунуш, Антон, Мурат, кары сыяктуу алдыңкы адамдарды эл ээрчий койбогондугу айтылат. Тагыраак айтканда, "Тартыш", "Айкаш алдында", "Беттешүү", "Ырайымсыз кармаш" деген бөлүмдөрү тууралуу маалымат берилет

Алымкулдун эл арасынан чыккан кедей жигит экендиги, Алымкулдун Жамал аттуу кызды сүйүп калашы, Төлөк бий тууганчылыгына салып, аны бир байга сатышы, Жамалды барган жеринен Алымкул Абыл менен ала качышы, бийлердин приставдын өкүмү менен Абыл экөөнү алты жылга Сибирге айдатышы, ал жактан 3 жылдан кийин досторунун жардамы менен көз карашы курчуп, турмуштук түшүнүгү тереңдеп даярдык менен келиши, анын көтөрүлүштү уюштуруудагы аракети, Алымкулдун мүнөзүндөгү жалтанбастык, эл үчүн чындык алдында жан аябай күрөшкө үндөгөн патриотизми окутуучу тарабынан баяндалат.

**6-кадам.** Классты төрт топко бөлүп, окуучуларга чыгармачыл тапшырма бериле. Ватманга долбоорду жазышат. Тапшырманы аткарууга 6 мүнөт убакыт берилет. Убакыт бүткөндөн кийин мугалим тарабынан бүттү деген белги берилет. Пикиринерди аргументтер менен далилдегиле деп алдын ала эскертилет.

- 1-топко: автор чыгарманын алгачкы бөлүмдөрүндө эмнени
- айткысы келген жана силерге кандай таасир кылды?
- 2-топко чыгармадагы элдин тагдыры Кытайга баргандан соң жашоосу кандай болот деп ойлойсунар жана эмне үчүн?
- 3-топко: Падышанын желдеттеринин ырайымсыздыгын сүрөт менен чагылдырып чечмелеп бергиле?
- 4-топко Көтөрүлүшкө катышкан каармандар жана алардын жеңилип калышынын себебин айтып бергиле?

Ар бир топтун лидерлери чыгып сүйлөгөндөн кийин, кимде өзгөчө пикир жаралды деп сурайбыз. Ар бир топтун жообуна карата ким кандай толуктоо-кошумчаларды айтат? Окуучуларга оюн топтоп айтууга эркиндик беребиз.

**Дискуссиянын суроолору**

**Чыгарманын тартуулаган сабагы кайсы?**

1.1916-жылдагы трагедия болбогондо жашообузда кандай өзгөчөлүк болмок?

2.А.Токомбаевдин чыгармасындагы өткөнкү тарыхыбыз, өксүктүү жашоо тагдырлар бизди эмнеге милдеттендирет?

**Потенциалы:** Чыгармада сүрөттөлгөн окуяларды, тарыхий чындыкты талдоо менен бирге окуучулардын эркин сүйлөө көндүмүн жаратууга, чечендик жана сынчыл көз карашты түптөөгө багыт берилет. Окуучуларды каармандардын кулк–мүнөзүнө баа берүүдө чыгармага жана тарыхка байланыштуу далилдер менен сүрөттөөгө үйрөтүү.

**Үй тапшырмасы:** дептериңерге "Тарых чындыгы жана бүгүнкү милдетибиз" деген темада

**Окуучулардын билимин баалоо**

***Адабияттар***

*1.Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы . -Б., 2004.*

*2.Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу // Эркин-Тоо,2004. 27 б.*

*3.Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялыкжанапрактикалыкмаселелери. – Б.: Педагогика, 2003.-130 б.*

*4. Ленин Б.А. Методика преподавания литературы.- М.: ЭКСМО, 2007- 51 с.*

***Рецензент: д.п.н. Б.М. Акматов***